# Ата-энелер жыйналышын

# №1 протоколу

5-сентябрь 2022-жыл

Темасы: **Өткөөл курак: өспүрүмдөр менен байланыш түзүүнүн өзгөчөлүктөрү**

Катышкандар:13

Жыйналыштын күн тартиби:

1. Өткөөл курак: өспүрүмдөр менен байланыш түзүүнүн өзгөчөлүктөрү деген темада анкета алуу жана көйгөйлөрдү талкуу
2. Уюштуруу иштери.
3. Ата-энелер комитетин шайлоо.

Угулду:
Күн тартибиндеги 1-маселе боюнча мектептин окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Б.Жалилова сөз сүйлөдү:
. Дүйнө жүзүндө 18 жаштан төмөнкү курактагы иштеп жаткан балдардын саны 168 миллионду түзөт. Алардын ичинен 120 миллиондон көбүрөөгү – 5 жаштан 14 жашка чейинки куракта жана 48 миллиондон көбүрөөгү 15 жаштан 17 жашка чеийн. Болжол менен 85 миллион иштеп жаткан балдар коркунучтуу шарттарда иштешет. Алардын ичинен 38 миллиондон көбүрөөгү – 5 жаштан 14 жашка чейинки куракта жана 47 миллиондон көбүрөөгү - 15 жаштан 17 жашка чеийн. Дүйнө жүзүндө 4 жаштан 17 жашка чейинки курактагы 264 миллиондон көбүрөөк балдардын экономикалык активдүүлүгү эсептелген. Дүйнө жүзүндө 5 жаштан 17 жашка чейинки 352 миллионго жакын балдардын – экономикалык активдүүлүгү эсептелген. 144 миллионго жакын экономикалык активдүү балдар – 5 жаштан 14 жашка чейин жана 120 миллионго жакын экономикалык активдүү балдар – 15 жаштан 17 жашка чейин. Орточо алганда, 5 жаштан 17 жашка чейинки ар бир алтынчы бала, иштеп жаткан бала катары квалификацияланат. Болжол менен дүйнөдөгү иштеп жаткан балдардын 46 пайызы - 78 миллиону – Азияда жана Тынчокеандык региондо иштеп жаткан балдар.

Үй иштериндеги – балдар эмгеги, балдар үчүн кенен тараган жана салттуу балдар эмгегинин формаларынын бири болуп эсептелет. Үй эмгеги көбүнчө кыздарга тиешелүү болот, себеби көпчүлүк элдердин маданиятында, кыздардын үй эмгеги, алардын тарбиясынын бир бөлүгү болуп эсептелет.

Күн тартибиндеги 2-маселе боюнча 7-б класстын класс жетекчиси А.Токтосунова сөзү: «Урматтуу ата-энелер! Мындан кийин класс жетекчилик кызматты мен алып бармакчымын. Бул класска физика сабагынан да берем. Ошондуктан окуучулар мене ниш алып баруу жеңилирек болот го деп ойлойм. Балдардын өз убагында сабакка катышуусуна, сабакты эч себеби жок калтырбоосуна, фомрма менен тыкаан келүүсүнө көзөмөл кыласыздар деп ишенем. Балдардын мектепке келгенден кийин, сабаккатардын өз убагында өтүлүүсүнө, расписаниесине, класс комплексине өзүм жоопту болуп, уюштуруп бемекчимин.

Күн тартибиндеги 3-маселе боюнча 7-б классынын окуучусунун апасы Алымбаева Майрам апанын сөзү: «Балдарыбыз буюрса жаңы мектептин имаратынын босогосун атаганы жатышат. Балдарыбызга, мугалимдер жааматына ийгилик каалайбыз. Мурунтадан берки келе жаткан ата-энелер комитети жакшы иштеп келе жатат. Ошол эле ата-энелер коитети эле иштей бериши колдойбуз.» . Шабданова Динаранын сөзү: « 1-классынынан бери ушул класска мен комитет болуп келем. Ата-энелер колдосо өзүм эле ишимди уланта берейин.»

Ата-энелер чогулушу токтом кылат:

1. Ата-энелерге балдарын сабакка өз убагында жиберүүсү жана мектеп формасы менен келүүсү милдеттендирилсин.
2. Ата-энелер комитети болуп Шабданова Динара бекитилсин. Анын жардамчысы катары Ажыгулова Мээримге милдеттендирилсин
3. Мектепке келгенден кийинки окуучулардын жүрүм-турум,тартиби, сабактын өз убагында өтүлүү тартиби класс жетекчисине милдеттендирилсин

# Ата-энелер жыйналышын

# №2 протоколу

10-ноябрь 2022-жыл

Темасы: Өспүрүмдөрдүн сабакка болгон кызыгуусун кантип артыруу керек?

Катышкандар:12

Жыйналыштын күн тартиби:

1. Өспүрүмдөрдүн сабакка болгон кызыгуусун кантип артыруу керек? деген темада анкета алуу жана көйгөйлөрдү талкуу
2. 1-чейректин жыйынтыгы

3. Эч себепсиз сабактан көп калган окуучулардын ата-энелери мене ниш алып баруу

Угулду:
Күн тартибиндеги 1-маселе боюнча класс жетекчи А.Токтосунова сөз сүйлөдү: «Баарыбызга малым болгондо, окуучу үчүн окуу негизги ишмердүүлүгү болуп биринчи орунда турганда гана, талаптагыдай билим сапатына ээ болот. Тилекке каршы,12-13 жаштагы өспүрүмдөр башка нерселер менен көбүрөөк алек боло баштайт. Сабакты тез даярдап коюп, көбүрөөк убактысын сүйүктүү иши менен алектенүүгө жумушайт. Бирок окуучунун билим алууга жасалган мындай мамилеси дайыма эле башка нерселер менен алек болгондуктан эмес, көпчүлүк учурда окууга болгон мотивациясынын жоктугунан же таптакыр аздыгынан келип чыгат ж.б.»
Тема боюнча талкуу жүрүп, темага карата анкета толтурулду.

Күн тартибиндеги 2-маселе боюнча 7-б класстын класс жетекчиси А.Токтосунова сөзү: «Урматтуу ата-энелер! 1-чейректин жыйынтыгы

боюнча билим сапаты 33% ды түздү, жетиш 89%, катыш 98% болду. Эң жакшы деген баага 2 окуучу Жумакадырова Аяна, Маратбекова Амина, жакшы деген баага 4 окуучу алар Бакашов Нурбол, Арсыбекова Аяна, Зарылыкова Алтынай, Амантурова Нурайым болду. Алардын ичинен Зарылыкова Алтынай 2 сабагынан эң жакшы окуучулардын катарына жетишпей калса, Курманбеков Тынай 1 сабагынан( кыргыз тили), Дөөлөтбеков 2 сабагынан (биология, музыка) сабактарынан жетишпей калган. Буюрса 2-чейректе жетишебиз деген үмүтөмүн. «2» алганынан Качкынов Азат география сабагынан чыккан.

Күн тартибиндеги 3-маселе боюнча себепсиз калган ата-энелер менен жекеме сүйлөшүлөр орун алдвы. Сабактан эч себепсиз калтырбоого сөз беришти

Ата-энелер чогулушу токтом кылат:

1. Өспүрүмдөрдүн сабакка болгон кызыгуусун кантип артыруу ата-энелерге жана мугалимдерге милдеттендирилсин
2. 7-б класстын 1-чейрек үчүн көрсөткөн билим сапаты
3. Сабактан эч себепсиз калтырбоого ата-энелерине милдеттендирилсин

Тоң    районуна караштуу М.Мамбетов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин 3-б классынын ата-энелер чогулушунун токтому

# Токтом №3

«3» февраль 2023-жыл    Тоң  району

М.Мамбетов атындагы  ж.о.б мектеби    Оттук айылы

Күн тартибиндеги   каралуучу маселелер:

1.Мектепте ысык тамак маселеси
2.Телефон,компьютер оюндарынын зыяндуулугу
3.Баланы жазасыз тарбиялоо.
4.Үй тапшырмасына кантип жардам берем?
5.2-чейректин жыйынтыгы.Билим сапат,жетиш,катыш боюнча маалымат

Чогулуштун жүрүшү:

Биринчи маселе боюнча мектеп директору Т.Кабаеванын билдирүүсү:
6-февралдан баштап 1-4 класстын окуучуларына  ысык тамак берилип баштайт.Алынган продуктылардын ар биринин сертификаты болуш керек.Окуучуларга алдын ала бир айдын менюсу түзүлгөн.Кефир,кашанын түрлөрүн,суптарды ичишет.Мектепте  нан бышырган жарочный шкаф жок болуп жатат,акимге кайрылуу кат менен кайрылганбыз,ал маселе дагы чечилет.Ага чейин даяр нан алып берип турабыз.

Кебекбаева Бермет:
Ар бир башталгыч класстын окуучусунан 1000 сомдон чогултуп алганбыз.Төрт апа Бишкекке барып бардык керектүү идиш-аяктарды алып бердик.Андан сырткары бир айга кетүүчү 250 сомдон алып калдык.Ошондо окуучулар февраль айына акча беришпей эле тамак ичишет.Кийинки айдыкын  айдын 15ине чейин ата-энелер комитети чогултуп бериш керек.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап ата-энелер чечим кылат:

Токтом №3/1

1.Ар бир класстын ата-энелер комитети   мектептин ашпозчусу менен тыгыз байланышта болуп,акчасын убагында чогултуп берүү жагы милдеттендирилсин.
2.Ата-энелерден  комиссия  болуп Токтосунова Айнура,Кебекбаева Бермет,Малаева Айнура шайлансын.

Экинчи маселе боюнча тарбия иштери боюнча директордун орун басары М.Дуйшонбиеванын сөзү:
Урматтуу ата-энелер жакынкы арада эле Түп районунда 7-класстын окуучусу өзүн-өзү өлтүрүүгө барган.Мунун баары телефон оюндарынын кесепетинен болуп жатат.Ар бир ата-эне баланын эмне оюн менен ойноп жатканынан кабардар болуп турсаңыздар.

Компьютер жана телефон оюндары балдарга кандай терс таасир тийгизээрин билсеңиздер керек. Уйкунун качышы,кыжырлануу,чарчоо,көңүл бурбоо,ойлонуунун төмөндөшү ж.б

Ошондуктан баланын эмне менен алектенип жатканын телефондон,компьютерден кайсы оюн менен алектенип жатканынан байкап турсаңыздар.Эгерде телефон оюндарын ойноп жатканын байкасаңыздар токтоосуз чара көрүңүздөр.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап ата-энелер чогулушу токтом кылат:

Токтом №3/2

1.Компьютер жана телефон оюндарынын зыяндуулугу жөнүндө ата-эне ар бир балага түшүндүрүү иштерин жүргүзүүгө милдеттендирилсин.

2.Үйдө компьютерге,телефонго ата-энелер байкоосун коюу жагы эскертилсин.

3.Эгерде балада башкача жүрүм-турумду байкаганда чара колдонуу жагы ата-энелерге эскертилсин.

Үчүнчү маселе боюнча башталгыч класстын мугалими Байболова Махабаттын билдирүүсү:

1.Максат коюнуздар:Баланызды жанынызга чакырыныз да,жаны окуу жылына кандай максаттарды коесуздар,чогуу талкуулап,баракка жазып,корунуктуу жерге илип коюнуз.Алардын ичинен эн негизгисин белгилеп корсотунуз.Алдыга коюлган максаттар жон салды эмес,реалдуу,ишке ашкыдай болушу шарт.
2.Шарт тузуп бериниз:Эн негизги шарт-уй-булодо тынчтык окум сурушун,суйуу,мээримдин орун алуусун камсыздоо.Уй-булодогу ызы-чуу баланы стресске кабылтат.Ал эми стресстин кесепетин айтпасак да белгилуу.Мындан сырткары баланын кунумдук рациону,мектеп формасы,стол,отургуч,окуу куралдарынын баары талапка ылайык тандалышы керек.Мисалга калем сапты эле алалы.Туура эмес тандалган калем сап балага ынгайсыздык жаратары,анын кол жазмасын бузары турган кеп.Андыктан жакшы жуккан ,сыясы акпаган,ото ичке да,ото жоон да жазбаган калем сап тандоо туура.Баса баланын мектепке которгон сумкасына да убак-убагы менен коз сала журунуз.Айрым балдар ашыкча буюмдарды,китептерди салып которуп журо беришет.Ашыкча жук которуп журуу баланын дене тузулушунун осушуно,маанайына терс таасирин тийгизиши мумкун.
3.Жакшы маанай-ийгиликтин башаты:Жаны окуу жылы башталаарда айрым ата-энелер баласынын мурда"Быйыл жаны предметтер кошулат,эми балам кантер экен?"деп ачык айтып санаа тарта башташат.Албетте,ата-эненин мындай абалыбаланы ого бетер стресс кылат.Андан коро ага окуучулук кундордогу кызыктуу окуялардан,каникулдан кийинки классташтар менен болгон жолугушуулар жонундо айтып бериниз."Быйыл сен 1-класска барасын.Бул биз учун сыймык.Мектептен кызыктуу жаны маалыматтарды аласын",-деп мектепке,окууга болгон кызыгуусун арттырыныз.
4.Дем беруну унутпаныз:Баланын окууга болгон аракетин бааланыз,мактоого алыныз.Мактоо баланын кийинки ийгиликтерине стимул болот.Мактап гана тим болбостон,андан аракетин баалоо учурунда кандай сезимде болгонун

турап,жоопкерчиликти сезе билууго уйротунуз.

5.Чон нерсени талап кылбаныз:"Быйыл сен эн алдынкы окуучу болушун керек,аракет кыл,болгон кучунду жумша"деп озунуздун каалоонузду ага тануулай бербениз.Сиз кайдан билесиз,балким,ал болгон аракетин билим алууга жумшап жаткандыр.Мындай талап баланын озуно болгон ишенимин жоготушу мумкун.Анын каалооосун,эмнеге кызыгарын угуп,ага оноктош болууга аракеттениниз.
6.Убактысын туура болуштурунуз:"уй тапшырмаларын аткармайынча телефон кармабайсын,телевизор корбойсун,ойнобойсун"деген талаптарды коюшат.Бул туура эмес ыкма.Бул учурда балада арыдан бери уй тапшырмаларын аткарып,кутулушум керек деген ой жаралат да сапатына конул бурбайт.Андыктан баланын кун тартибин белгилуу сааттарга болуп коюу туура.Баланын смартфон,телевизор,оюн сыяктуу нерселерден биротоло чектоо да туура эмес.Алардын ан-сезиминин осушуно кандайдыр бир салымы бар.

7.Баланыз учун уй-тапшырмасын аткарбаныз:Уй тапшырмасын аткаруу-баланын жоопкерчилиги.Эгер баланыз уй тапшырмасын аткарып жатканда анын ар бир кыймылына коз салып,текшерип,улам жардамдаша берген адатыныз болсо,аны токтоосуз таштоонуз зарыл.Мындай кадам айрым балдардын озуно болгон ишенимин жоготот,оз алдынча чечим кабыл алуусуна оз кедергисин тийгизет.Ошондой эле ар бир кыймыл-аракетин текшеруу айрым балдардын ачуусун келтирип,ортодо тушунбостуктор орун алышы мумкун.Сизге баланын уй тапшырмасын аткардыбы же жокпу,кандай сапатта аткарды,ошону билуу гана жетиштуу.Эгер кандайдыр бир койгойлорду байкасаныз,дароо мугалимге жеткерип,чогуу чечууго аракет кылыныз.
8.Журум-турумунан кабардар болунуз:Мектепке барган бала класста отуруп гана келбейт,башка нерселер менен да алектенет.Андыктан баланыз танаписте,тушку тамактануу учурунда,жолдо жургондо эмнелер менен алектенет,классташтары менен мамилеси кандай,баарына кызыгып конул бурунуз.Эгер кандайдыр бир койгойду байкасаныз,мугалим,тиешелуу адистер менен чогуу чечкенге аракет кылыныз.
9.Баарлашыныз,китеп окуп бериниз:Окумуштуулардын изилдоосуно таянсак, мындан 25жыл мурун 1-класска келген баланын лексикасында 5 миндей соз болсо, азыркылардыкында 2минге жетпеген соз бар.Алар "мындай томон корсоткуч баланын гаджеттерди коп пайдалануусунан жана ата-энесинин бала менен аз баарлашуусунан улам"деген жыйынтык чыгарышып,"10 жашка чейинки балдар мене ата-эне кунуно жок дегенде 1 саат баарлашуусу керек"деп кенеш беришкен.Андыктан баланын оз оюн айтууга уйротом,соз байлыгын ,ан-сезимин,суйлоо речин,ой жугуртуусун остуром десениз,анда кун сайын ага китеп окуп берууго,кызыктуу темаларда баарлашууга убакыт табыныз
10.Мектеп тууралуу маалымат алыныз:Мектеп,мугалим,ата-энелер комитети менен тыгыз байланышта болунуз,ата-энелер чогулуштарынан калбай барыныз.Мугалимдердин,мектеп окуучуларынын бири-бирине жасаган мамилесинен кабардар болуу сиз учун ашыкча болбойт.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап ата-энелер токтом кылат:

Токтом №3/3

1 Окуучуга үйдөн жазасыз тарбиялоо жагы ар бир ата-энеге милдеттендирилсин.
2.Үй тапшырмаларын аткарууда жаза колдонбоо жана тапшырмаларга жардам берүү жагы ар бир ата-энеге эскертилсин.

Төртүнчү маселе боюнча класс жетекчиси Байболованын билдирүүсү:
Окуучуга үй тапшырмасын аткарууда сөзсүз ата-эненин жардамы керек.Бала өз алдынча тапшырма аткарууга аракет кылат бирок,түшүнбөй калган жерлерин сөзсүз ата-энесинен сурайт.Ошондуктан бала тапшырма боюнча жардам берүү керек.Сабактан баргандан кийин окуучу тамактанып,эс алып анан тапшырма аткарууга тийиш.Тапшырманы кеч аткарганга дагы болбойт.Анткени бала чарчап калат.Үй тапшырмасын аткарууда эмнелер тоскоол болушу мүмкүн?
-Үй тапшырмасын аткарыш үчүн кайсы окуу куралдары керек?
-Тапшырмаларды кайсы убакта аткарганым ылайыктуу?
-Мени эмнелер алаксытышы мүмкүн?
-Канткенде иштерди кийинкиге калтыра берүүдөн кача алам?
-Сабагымды кайсы жерде аткарсам көңүл топтой алам?
Деген суроолор болушу мүмкүн,ошон үчүн балага тапшырма аткарууга жардам берүү керек.
Койчуманова Айсулуунун сөзү:
Тапшырма бергенде китептен сырткары тапшырма бергениң эң жакшы экен.Китептеги тапшырманы аткарып бүтүп кошумча тапшырма аткарууга шашат.Математика сабагынан аябай аракет кылып аткарат.Акылжандын үй тапшырма аткарган өзүнчө бурчу бар,билбеген нерселерин эжесинен сурап атакарат.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап ата-энелер токтом кылат:

Токтом №3/4

1.Үй тапшырмасын аткаруу үчүн окуучуга шартты түзүп берүү жагы ар бир ата-энеге милдеттендирилсин.
2.Кошумча үй тапшырма берүү жагы класс жетекчиси Байболова Махабатка милдеттендирилсин.

Бешинчи маселе боюнча класс жетекчи Байболова Махабаттын билдирүүсү:

2-чейректин жыйынтыгы боюнча билим сапат 45%ды түздү.
Отличниктер 5/3 Акунова Акылжан,Арстанбеков Нурмат,Олжобаева Гүласел,Муратбекова
Сумая,Кочкорбаев Нурсултан.Алар 28%ды түздү.Ударниктер 3/3 Абдыкеримова Жибек,
Тойбаева Элина,Аскарбекова Баяна 16% түздү.

Чейрек ичинде сабактан себепсиз калган окуучулар болгон жок.Тартип бузуулар болгон жок.Республикалык кырдаалга байланыштуу 16-декабрдан баштап окуучулар онлайн окууга тарашты,уюлдук телефону жоктугуна байланыштуу Касымов Акназар бир ж ума онлайн сабакка катыша алган жок.Кийинки жумадан баштап катышып тапшырмаларын аткарып жиберип жатты.
Катыш боюнча чейрек ичинде сабактан себепсиз калган окуучулар болгон жок.Ден соолугуна байланыштуу калган окуучулар ФАПтагы медайымдын кароосунда болуп справка алып келишти.
Чейрек ичинде «Туура тамактануу узак жашоого өбөлгө»деген темада ачык тарбия саат өтүлдү.Окуучулар берилген тапшырмаларды өз убагында аткарып «Эң жакшы»деген баа алдык.Андан сырткары математика сабагынан «Мисал,маселе иштөө»деген темада ачык сабак өтүлдү.Мында балдардын логикасын,ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө карата тапшырмалар берилди.
Убукеева Тинатиндин сөзү:Айдар негизи математика сабагынан кичине аксап жатат,Мектептен дагы ар түрдүү тапшырмалардан берип турсаңыз жакшы болот эле.Мен үйдөн болгон аракетимди жумшап жатам.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап ата-энелер чогулушу токтом кылат:

Токтом №3/5

1.Класстын билим сапаты 2-чейрек боюнча 45%түзүп,класс жетекчинин алып барып жатка ниш-аракеттери жакшы деп табылсын.
2.Бир сабактан ударникке жетпей калган окуучулардын ата-энелерине үйдөн жардам берүү жагы милдеттендирилсин.
3.Сабактан себепсиз калтырбоо,кечиктирбөө жагы ар бир ата-энелерге милдеттендирилсин.

Класс жетекчи: М. Бэ[подпись] М.Байболова
Ата-энелер комитети: [подпись] Б.Омурзакова